# «БАТКЕН ОБЛУСУНУН ӨЗГӨЧӨ СТАТУСУ» темасындагы АЧЫК МАЕКТЕШҮҮ АЯНТЧАСЫ

**Катышуучулар:** Мамлекеттик органдардын, кичи коомдук кеңештердин, жарандык коомдордун, эл аралык уюмдардын жана долбоорлордун өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын Коомдук кеңештеринин мүчөлөрү, журналисттер, блогерлер, миграция боюнча эксперттер.

**Максаты**: Кыргыз Республикасында жергиликтүү жана мамлекеттик органдардын, коомдук кеңештердин маалымдоо массалык каражаттары менен эркин маалыматтык мейкиндигин, сөз эркиндигин, пикирлерин билдирүүнү сактоодо жана өнүктүрүүдө өз ара аракеттенүүсүн куруу.

**Модератор:** ***Толонбек Шакирович Абдыров,*** Мамлекеттик органдарынын алдындагы коомдук кеңештердин Координациялык кеңешинин төрагасы, экономика илимдеринин доктору, профессор.

**Иш-чаранын күнү, жери:** 2021-жылдын 08-июль күнү, Баткен шаары, “Айгүл-Тоо” мейманканасынын конференц-залы

**Катышуучулардын саны**: 50, 22 аялдар жана 28 эркектер.

Ачык маектешүү аянтчасынын отурумунда Баткен облусунунун экономикалык өнүгүүсүнүн негизги багыттары, эмгек миграциясы ошондой эле чек ара аймактарындагы малымат каражаттарынын иши жана өзгөчөлүктөрү сыяктуу актуалдуу суроолор талкууланды.



Куттуктоо сөзү менен ***Улан Насирдинович Шамшиев***, Жогорку Кеңештин Төрагасынын алдындагы миграция маселелери боюнча катчылыгынын эксперти, Баткен облусун өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун мүчөсү, ***Алмаз Ашыркулович Асанов,*** Кыргыз Респуликасынын Тышкы иштер министрлигинин алдындагы Тышкы миграция департаментинин миграция саясаты бөлүмүнүн башчысы – 2021-2030-жылдарга КРнын Миграциялык саясат концепциясын иштеп чыгуу боонча ведомстволор аралык жумушчу топтун мүчөсү кайрылышты.






«Баткен облусунун өзгөчө статусу тууралуу», “Баткен облусунун мониторингдөө боюнча изилдөөнүн жыйынтыктары”, «Баткен. Миграция жана келечеги» темасында п**резентациялар угулду.**



**Түшкөн сунуштар:**

1. өлкөнүн эң алыскы регионун өнүктүрүү үчүн “Баткен периферия эмес, өлкөнүн борбору” принцибине ылайык концепциясын түзүү;
2. Баткендеги ички жана тышкы миграциянын агымын тез арада токтотуу зарыл;
3. кадр маселесин көтөрүү;
4. Баткен облусунун чек ара аймактарына жөлөкпулдарды жана пенсияларды жогорулатуу маселесин кароо зарыл;
5. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин бөлүктөрүнүн бир бөлүгүн Баткенге которуу зарыл, туруктуулукту токтотуу жана кепилдөө үчүн региондогу аскердик өкүлчүлүктү күчөтүү зарыл.